КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) XXV сессиясы**

**Токтом № 111**

Сүлүктү шаары 19.05. 2023ж

**Сүлүктү шаарынын 2022-жылдын бюджетинин аткарылышы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Сүлүктү башкармалыгынын башчысы А.П.Келдибековдун Сүлүктү шаарынын 2022-жылдын бюджетинин аткарылышы жөнүндө маалыматын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин негизинде депутаттардын Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаарынын 2022-жылга каралган бюджетинин аткарылышы боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Сүлүктү башкармалыгынын башчысы А.П. Келдибековдун маалыматы кабыл алынсын.
2. Сүлүктү шаарынын 2022-жылга каралган бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы **81659,8** сом жана чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы **75006,1** сом өлчөмүндө бекитилсин.
3. 2023-жылга жергиликтүү бюджеттин көлөмүн көтөрүү боюнча иш жүргүзүү жагы шаардын мэри Б.Ш. Абдыжапаровго жана Мамлекеттик салык кызматынын Сүлүктү шары боюнча башкармалыгынын начальниги М. Сагынбаевге милдеттендирилсин
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Р.М. Жайнаков**